БЕКИТЕМИН
№1 гимназия-жатак интернатынын
директору __________ А.И.Тагаева
__________2022-жыл

**Лейлек районундагы №1 гимназия-жатак мектебиндеги мугалимдик кызматкердин этикасы жөнүндө жобо**

1.1. Мугалимдик кызматкердин этикасы жөнүндө жобо жалпы кесиптик этиканын жыйындысын түшүндүрөт. Профсоюздун ишмердүүлүгүндө жана мектепте эмгек милдеттерин аткаруу учурунда алардын ээлеген кызматына карабастан билим берүү жана илим тармагынын баалуулуктарын, жүрүш-туруш эрежелерин профсоюздук кызматкерлер жана профсоюздук активдер жетекчиликке алууну сунуштайт.

1.2. Этика жөнүндө жобонун максаттары
Педагогикалык кызматкердин кадыр баркынын бекемделишине көмөк көрсөтүү педагогдук кесиптин кадыр-баркын жогорулатуу

2.1. Мугалимдик ишмердикти жогорку моралдык-этикалык психологиялык окутуучулук деңгээлде жүзөгө ашырууга умтулуу-укуктук, ыймандык жана этикалык ченемдерди сактоо - өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн кесиптик ар тараптан түшүнүктүүлүгүн, укуктук жана жүрүш-туруш маданиятын өнүктүрүү, моралдык этикалык жогорку сапатка ээ болуу.
-Ар дайым өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатуу, өзүнө талап коюп туруу;
-Жамаатта кесиптик этиканын принциптерин жана ченемдеринин негизинде өз ара мамилелерди жөнгө салуу;
-Жамаатта пикир келишпестиктерди, ушак-айыңдарды, калп сүйлөөнү, уятсыздыкты, жүзү каралыктарды болтурбоо;
-Өлкөдө жашап жаткан элдердин каада-салттарына жана маданиятына көтөрүмдүү мамиле жасоо жана сыйлоо, ар кандай этикалык, социалдык топтордун өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

2.2. Мугалимик кызматкер, мугалимдик актив жол бербейт:
-Кесиптештерине карата орой мамиле жасоого, үнүн көтөрүп сүйлөөгө, жок жерден асылууга, кемсинткен сөздөрдү курулай сындарды айтууга, арзыбаган жана мыйзамга туура келбеген айыптоолорду коюуга;
-Оозго алгыс сөздөрдү жана пикирлерди айтууга;
-Социалдык жактан колдоого ээ болбогон адаттарды (тамеки тартуу, спирт ичимдиктерин ичүү, сөгүнүп сүйлөө) көрсөтүүгө;

2.3. Мугалимдик кызматкер жамааттын кызматкерлери менен баарлашууда ийкемдүүлүктү, сылыктыкты, токтоолукту жана көңүл буруучулукту

көрсөтүшү, сүйлөө маданиятын сакташы керек.

2.4. Мугалимдик кызматкер билими, тажрыйбасы жана билгичтиги менен катар айрым психикалык бекемдикке, өтө көп психикалык оорчулукка туруштук берүүгө, өзүнүн ишиинин тууралыгына терең ишенүүгө, жаңыланып турууга, кыжалат абалдан чыгып кетүү жагдайга ээ болуусу керек.

**Лейлек районундагы №1 гимназия-жатак интернатынын мугалимдик кызматкердин этикасы жөнүндө жобосу 2022-жылдын 30-августундагы №1 гимназия-жатак интернатынын №1 педагогикалык кеңешмесинин чечими менен кабыл алынды.**